299 (8)
79

Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту
Кол жазмалар фондусу
Инв. № 360
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү

Кыскача автобиография.

Мен, Сарымсаков Абдырай 1907-жылы азыркы Тянь-Шань районунун Жан-Булак с/советинин Жан-Булак кыштагында кедей дыйкан үй-бүлөсүнөн туулгамын. 1907-жылдан 1917-жылга чейин ата-энемдин тарбиясында болдум. 1917-жылдан 1922-жылга чейин айылдык мектепте окуп, 1923-жылы Нарын шаарындагы ачылган мугалимдерди даярдоо курсунан 3 ай окуп, ошол эле жылы сентябрь айында баштооч класстарга мугалим болуп даярдалдым. 1923-жылдан 1926-жылга чейин Нарын районунда мугалим болуп иштедим. 1926-жылдан 1928-жылга чейин Фрунзе шаарындагы советтик партиялык (сов парт школ) мектептен окуп бүттүм. 1928-жылдан 1937-жылга ?? чейин мугалим болуп иштедим. 1937-1939-жылга чейин Фрунзе шаарындагы пед институттан окудум. 1939-жылдан 1941-жылга чейин мектеп директору жана мугалим болуп иштеп жүрүп, 1941-жылдан 1945-жылдын аягына чейин Улуу Ата Мекендик согушка катыштым. 1946-жылдан ушул күнгө чейин мектеп директору жана мугалим болуп үзгүлтүксүз иштеп келе жатам. 1955-жылдан бери ушул күнгө чейин Жан-Булак сегиз жылдык мектебинде мугалим болуп иштеймин. Менин сиңирген эмгектеримди эске алып СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы боюнча 2 „Кызыл-Жылдыз" ордени, 2 медаль „За отвагу", „Берлинди алгандык үчүн", „Варшаваны бошотконду үчүн", „Германияны жеңгендик үчүн", медалы жана „Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалдары менен сыйландым.

30/V 1963-ж. А. Сарымсаков.

Суктанып жүрбөй аркимге
Сулуу катын алалы
Сулууда көңүл калтырат
~~Суктанып жүрбөй ар кимге~~
Суюк болсо аягы



Молдонун көркүн чыгарган
Окуудан алган илимин
Төөлөрдүн көркүн чыгарган
Топтошуп жүргөн кибини
Короонун көркүн чыгарган
Колтоңдоп жүргөн ирики
Атабыз азык кашкелең
Айтууга болот сиңими*
Даярдап жүргөн баланын
Дайрадай болсо билими
Кишиден талап кылбаймын
Киши деп айттым кимиңи
Баатырдын көркүн чыгарган
Байланып жүргөн жарагы
Мергендин көркүн чыгарган
Теке аткан узун барагы
Жулунду жарып чыккан соң
Жүрөгүң сүйөт баланы
Ажаттын баары табасың
Аралап базар каланы

Таттуу кылып ашыңды
Тамактын көркүн туз берет
Алысты жакын дос кылып
Ажаттын көркүн кыс берет
Кызыл чапан мойтуронц
Кышыздын көркүн кыш берет
Суулары тоңуп муз болуп
Сууктун көркүн кыш берет.
Адырдын көркүн чыгарган
Аркыраш аккан булагы
Эркинин көркүн чыгарган
Эриткен эки улагы
Эмектин көркүн чыгарган
Энсиз чоң эки кулагы
Жылдыздай учат жакут аттар
Жылкы адамдын бурагы.
Курдөлдүү Совет элибиз
Куйдөп турган убагы
Жан-жаныбар макулук
Жашоого сыймык будагы